ISSN 1694-76

ЖУРНАЛ «НАУКА И ТЕХНИКА» ОСНОВАН В 1993 ГОДУ,
ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА И НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ» В 1996 ГОДУ
ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ
КЫРГЫЗСТАНА» В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО

Республиканский научно-теоретический журнал

# Н А У К А,
# НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ
# И ИННОВАЦИИ
# КЫРГЫЗСТАНА

## № 1, 2018

ОТДЕЛ КАДРОВ

БИШКЕК 2018

**ISSN 1694-7649 (печатная версия)**

# Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана 2018. № 1 (январь)

**РЕСПУБЛИКАНСКИЙ НАУЧНО-ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ ЖУРНАЛ**

Журнал зарегистрирован
в Российском индексе научного цитирования **(РИНЦ)**
(Лицензионный договор №001-01/2015 от 12.01.2015).

**Импакт-фактор (0,022)**

**Главный редактор:** Токторалиев Б.А., академик НАН КР.
**Ответственный редактор:** Д. Жапаров, профессор

**Редакционная коллегия:**

**Айдарова Г.Н.**, доктор архитектуры, профессор (Казань).
**Арабаев Ч.И.**, член-корр. НАН КР, д.ю.н., профессор.
**Артыкбаев М.Т.**, д.филос.н., д.полит.н., профессор.
**Байгазиев С.О.**, д.филол.н., профессор.
**Балтабаев М.А.**, д.м.н., профессор.
**Быковченко Ю.Г.**, д.биол.н., профессор.
**Давлятов У.Р.**, д.т.н., профессор.
**Дженбаев Б.М.**, д.биол.н., профессор.
**Джумабаев К.Дж.**, д.э.н., профессор.
**Жакыпбеков Ж.Ж.**, д.и.н., профессор.
**Жумабаев А.Р.**, д.м.н., профессор.
**Изаак С.И.**, д.пед.н., профессор (Москва).
**Иманакунов Б.И.**, академик НАН КР, д.хим.н., профессор.
**Исаев К.И.**, д.филос.н., профессор социологии.
**Канаев Р.А.**, д.м.н., профессор.
**Кочербаева А.А.**, д.э.н., профессор.
**Куспангалиев Б.У.**, доктор архитектуры, профессор (Казахстан).
**Мамбетакунов Э.М.**, член-корр. НАН КР, д.пед.н., профессор.
**Мамытов М.М.**, д.м.н., академик НАН КР, профессор.
**Метленков Н.Ф.**, кандидат архитектуры, профессор.
**Молдоев Э.Э.**, д.ю.н.
**Мукимов Р.С.**, доктор архитектуры, профессор (Таджикистан).
**Нургазиев Р.З.**, член-корр. НАН КР, д.вет.н., профессор.
**Панков П.С.**, член-корр. НАН КР, д.ф.-м.н., профессор.
**Собуров К.А.**, д.биол.н., профессор.
**Субанова М.С.**, д.биол.н.
**Усманов С.Ф.**, д.т.н.
**Чодураев Т.М.**, д.геогр.н., профессор.

Журнал зарегистрирован в Министерстве юстиции Кыргызской Республики (Свидетельство о государственной перерегистрации серия ГПЮ №150408-3301-ОО код ОКПО 20224813 от 3 ноября 2015 г.).

Издается с 1993 года.

**Выходит ежемесячно: 12 выпусков в год.**

Сдано в набор: 22.01.2018.
Подписано в печать: 29.01.2018.

Формат 70х108/16
Бумага офсетная.
Гарнитура: «Таймс».
Печать офсетная.
Усл.печ.л. 16. 00 п.л.
Тираж 100 экз.

ИЗДАТЕЛЬСТВО:
**ОсОО «Издательство научных журналов и детской художественной литературы».
г.Бишкек.**

**АДРЕС РЕДАКЦИИ:**
720040, Кыргызская Республика,
г.Бишкек, ул. Боконбаева, д. 99, 3 этаж.
Тел.: (0312) 30-32-97, 0772 268215.
http://www.science-journal.kg
e-mail: sje.kg.2009@mail.ru

ОТДЕЛ КАДРОВ

*Тулөбердиев К.К.*

# СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ЖАНА ЭМГЕК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН АКТИВДЕШТИРҮҮДӨ МАДАНИЙ-ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ-КОРГОО ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ

*Тулобердиев К.К.*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ КУЛЬТУРОТВОРЧЕСКИХ И КУЛЬТУРООХРАННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В АКТИВИЗАЦИИ СОЦИАЛЬНО-КУЛЬТУРНОЙ И ТРУДОВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

*K.K. Tuloberdiev*

# THE USE OF CULTURAL, CREATIVE TECHNOLOGY AND SECURITY CULTURE IN THE PROTECTION OF SOCIO-CULTURAL AND LABOR ACTIVITIES

*УДК: 371:378.147.11*

*Бул макалада социалдык-маданий долбоорлорду жана программаларды иштеп чыгууда жана аларды ишке ашырууда инсандын маданий жана эмгек ишмердүүлүгүн активтештирүүгө багытталган технологияларды пайдалануунун суроолору каралды. Инсандын социалдашуу процессинде ушул технологиялардын маанилүүлүгү белгиленди. Балдарды, жаш өспүрүмдөрдү жана чоң адамдарды чыгармачылык жактан өнүктүрүү, маданий баалулуктарды жаратуу жана аларды эмгек жигердүүлүгүнүн негизинде байытуу жактары каралды.*

***Негизги сөздөр:** социалдык-маданий ишмердүүлүк, эмгек ишмердүүлүк, технологиялар, социалдык институттар, инсан, маданий баалуулуктар, чыгармачылык, жөндөмдүүлүк.*

*В статье рассматриваются вопросы использования культуро-ориентированных технологий в разработке и реализации социально-культурных проектов и программ, направленных на активизацию культурной и трудовой деятельности личности. Определены значение данных технологий в процессе социализации личности. Рассмотрены вопросы развития творчества, создания культурных ценностей и их обогащение на основе трудовой активности детей, подростков и взрослых.*

***Ключевые слова:** социально-культурная деятельность, трудовая деятельность, технологии, социальный институт, личность, культурные ценности, творчество, способность.*

*The article deals with the use of culture-oriented technologies in the development and implementation of socio-cultural projects and programs aimed at enhancing the cultural and labor activity of the individual. The value of these technologies in the process of socialization of the individual is determined. The questions of development of creativity, creation of cultural values and their enrichment on the basis of labor activity of children, teenagers and adults are considered.*

***Key words:** social and cultural activity, labor activity, technologies, social Institute, personality, cultural values, creativity, ability.*

Маданий-чыгармачылык, өрчүтүүчү технологиялар инсандын социализациясынын бардык баскычтарында кеңири жайылтылган. Бул технологияларды иш жүзүндө өздөштүрүү эрте социализация мезгилинде, качан балага милдеттүү түрдө жалпы маданий билим алуу, ыкмаларды үйрөнүү зарылчылыгы турганда, качан үй-бүлө, мектепке чейинки, мектептеги жана кошумча билим алуу жана башка социалдык институттар аркылуу анын сезими менен бүтүндөй субмаданий топтомуна, анын ичинде жаштардыкына байланышуу мезгилинде башталат.

Жөндөмдүүлүк – бул адам төрөлгөндө эле анда калыптанып калган жеке билүүлөр жана ыктар жана тигил же бул чыгармачылык технологияларды ийгиликтүү өздөштүрүүдөгү анын мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт. Таланттуулук – интеллекттин жогору деңгээлде өрчүшү, адамдын чыгармачылык ишмердүүлүктүн биринде (музыка, живопись, поэзия, кол өнөрчүлүк ж.у.с.) өзүнүн өзгөчө сапаттуу жөндөмдүүлүктөрүн ийгиликтүү пайдаланышы. Таланттуулукта адамдын чыгармачылык дарамети байкалат.

Талант – кандайдыр бир татаал, чеберчиликтин жогору деңгээлин талап кылган ишмердүүлүктү өз алдынча жана өзгөчө аткарууга мүмкүнчүлүк берген жөндөмдүүлүктөрдүн айкалышы.

Жаш адамдын маданий-чыгармачылык диапазону кийинки баскычта – качан анын практикалык билимдеринин жана ыкмаларынын «жүгү» анын социалдык-маданий байланыш чөйрөсү бир далай кеңейүүнүн эсебинен байытылганда, анын кесиптик адистештирүү, эмгектенүү убагында олуттуу кеңейет.

Маданий-чыгармачылык технологиялар адамды кесиптик ыңгайлашуу, коомдо эмгекти бөлүштүрүү системасына кирүү мезгилинде дагы коштойт. Бул жерде алар инсандын күчүн калыбына келтирүүгө байланыштуу гана эмес, анын чыгармачылык, ишмердүүлүк жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүгө байланыштуу бир катар маанилүү функцияларды аткарышат. Жыйынтыгында маданий-чыгармачылык технологиялар өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда жана социализациянын акыркы, төртүнчү баскычы пенсия курагында же биротоло же убактылуу эмгектенүүгө



ОТДЕЛ КАДРОВ
верно ... ОК

жөндөмдүүлүгүн жоготкондорго байланыштуу. Так ушул мезгилде өз алдынча же жамааттык чыгармачылык улгайган адамдарга жана эмгектин майыптарына чектелген мүмкүнчүлүктөрүн жеңүүгө жардам берет, өз чыгармачылык билимин жана ыктарын социалдык-маданий өзүн-өзү калыбына келтирүүгө жумшайт.

Балдарды, жаш өспүрүмдөрдү жана чоң адамдарды чыгармачылык жактан өнүктүрүү, маданий баалуулуктарды жаратуу жана эмгек жигердүүлүгүн байытуу бул баалуулуктарды билүү, сактоо, калыбына келтирүү, заманбап коомдо маданий мурасты өздөштүрүү технологияларына жана пайдаланууга түздөн-түз байланыштуу.

Профессионалдык жана өздүк социалдык-саясий, көркөм, илимий-техникалык, колдонмо чыгармачылык жана кызыгуучу кыймылдын чөйрөсүндө чыгармачылык жактан түзүүчү, өнүктүрүүчү технологиялардын түрдүү түрлөрү субмаданий механизмдердин эсебинен ар бир адамдын кенчи болуп калат, мында инсан тигил же бул субмаданияттын ичинде тургандай болгондо, ошондой эле жалпы социалдык, мамлекеттик программалардын жана ылайыгына карата аларды ишке ашыруучу түзүмдөрдүн эсебинен.

Мындан ары өздүк көркөм-чыгармачылыктын өнүгүшү менен катар илимий – техникалык жана колдонмо чыгармачылык, баарыдан мурда социалдык-саясий, эмгек ишмердүүлүктүн түрлөрү импульс алат.

Көркөм-чыгармачылык ишмердүүлүктүн технологиялары маданият жана көркөм өнөр чөйрөсүндөгү репродукциялык ишмердүүлүк авторлорго өздөрүнүн интеллектуалдык, чыгармачылык, көркөм дараметин өз жыргалчылыгы үчүн гана эмес, коомдун жыргалчылыгы үчүн дагы пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Чыгармачылык технологиялары адамдын эмоциялык-сезүү чөйрөсүнө таасир берүү аркылуу эмгек, рухий тарбия, маданий сезим, инсандын билип-таануусун өнүктүрүүгө гана эмес, ден соолугуна дагы оң таасир берет. Бул таасир берүү көркөм өнөр жана чыгармачылыктын ар түрдүү элементтеринин эмоциялык байланышын билдирүү формасы боюнча вербалдык эмес, буйрукчул эмес, көп түрдүү мүмкүнчүлүгүнөн келип чыгат. Ушул элементтердин ар бири өзүнүн мүнөздүү белгилерин алып жүрүүчү болуп эсептелет жана адамга жеке таасир берүү күчүнө ээ.

Маданият жана көркөм өнөр чөйрөсүндө коллекциялык-чогултуу, талдоо жана илиий-изилдөө иши өнүгүүдө. Чыгармачылыкка, биринчи кезекте автордукка кызыгуу көбөйүүдө. Жергиликтүү материалда иштеген театрдык студиялардын, публицистикалык, эстрадалык, миниатюралык театрлардын бедели жогорулоодо. Музыкалык өздүк чыгармачылык чөйрөсүндө автордук ырга, рок-чыгармачылыкка, музыкалык фольклорду чогултууга, иштеп чыгууга жана кайрадан чыгарууга өзгөчө кызыкчылык жаралат.

Жоголгон көркөм-турмуш салттарын кайрадан калыптандырууга активдүү иш жүргүзүлүүдө. Ушундай ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу багыттарынын бири – колдонмо маданий-чыгармачылык өнөр технологияларды өркүндөтүү, ушуга байланыштуу салттуу тиричилик жана көркөм өнөрлөр сакталууда, өнөр статусу тарыхый жана маданий баалуулук катары колдоого алынууда. Социалдык-маданий технологиялардын ушул түрү жөнүндө айтып жатып, көркөм өнөр деп ушундай учурда өзгөчө эстетикалык сапатка ээ болгон материалдык буюмдарды чыгаруу түшүндүрүлөрүн белгилеп кетүү керек. Ал буюмдун жогору көркөм деңгээлин камсыздоочу техниканын же кол эмгегинин жардамы менен жана эмгек жигердүүлүгүнүн натыйжасында көркөм үлгүлөрүн кайрадан чыгаруунун негизинде жүргүзүлөт. Көркөм-чыгармачылык технологиялардын санына тарыхый калыптанып калган формалардын жана стилдердин чегинде өз үлгүлөрүн өзгөртүүчү салттуу, ошондой эле жаңы стандарттуу эмес чечимдерди издөөгө негизделген заманбап технологиялар дагы кирет. Акыркылары өз алдынча маданий-чыгармачылык ишмердүүлүктүн жетишерлик бай жана ар түрдүү чөйрөсүн билдирет.

Тиричилик өнөр технологияларынын продукту болуп, көркөм кол өнөрчүлүгүнөн айырмаланып, күнүмдүк турмуш-тиричиликти кооздоп, жасалгалап турган буюмдар эсептелет, бирок ушу менен катар пайдалуу арналышы дагы бар. Көркөм кол өнөр артыкчылыгы менен кооздук буюмдарынан айырмаланып, тиричилик үчүн жасалгалар тез эле пайдалануудан чыгып калат жана улам жаңысына алмаштырылат. Социалдык-маданий кол өнөрчүлүк технологиялардын ушул түрү өтө ар түрдүү (мисалы: өзгөчө бут кийим даярдоо, макраме).

Көркөм жана тиричилик кол өнөрчүлөк технологияларынын байлыгы жана ар түрдүүлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын өз алдынча укмуштуудай өзгөчө региондорду көрсөтөт. Алардын аймактарында кол эмгеги, ошондой эле өнөр жай өндүрүшү катары пайдаланылуучу тиричилик жана көркөм-кооздук багыттагы кол өнөрчүлүктөрдүн кеңири спектри жайылтылган. Бул технологиялардын бардыгы эле биздин убакка жетишкен жок, алардын бири, мурдагыдай эле профессионалдык жашырын сыр, жеке кол өнөрчүлөрдүн менчиги болуп калат, башкалары ири кесиптик мекемелерде жана өнөр жай цехтерине топтолгон.

Көркөм-өнүктүрүүчү технологиялар. Көптөгөн жылдар негизинен оюн көрсөтүүчү-сценалык түрдө көрсөтүлүп келген өздүк көркөм өнөр элге көрсөтүлүп келүүдө. Музыка ойноо салтына кызыгуу артууда, үй-бүлөлүк көркөм чыгармачылык жанданууда. Майрамдар жана ырым-жырымдар көпчүлүктүн жактыруусу менен өткөрүлүүдө. Өздүк көркөм өнөр элдик оюн-тамашалардын, көңүл ачууларынын, эс алуу кечелеринин жана көпчүлүк элдин башка салттарынын түрлөрүнүн калыбына келишинин негизи болуп калат.

Студиялардын, түрмөгүналардын, чыгармачылык лабораториялардын, көркөм-чыгармачылык шериктиктердин саны өсүүдө. Калктын көркөм муктаждыктарынын жана кызыкчылыктарынын дифферен-



ОТДЕЛ КАДРОВ
верно
На ОК 3

циациясы көптөгөн клубдук мектептердин, курстардын, кызыгуулар бирикмесинин, эстетикалык тарбия берүү борборлорунун пайда болушуна шарт түзөт.

Маданият менен тиричиликтин синтезине карата рельефтүү пайда болгон тенденция кийимдерди көркөм моделдөөнүн студиялары жана ийримдери, текстилдик чыгармачылык, килем токуу, сайма саюу, макраме, жыгачты, металлды, сөөктү ж.у.с. көркөм иштеп чыгуу студиялары сыяктуу жамааттарды түзүүгө негиз болот. Ошол эле көркөм өнүктүрүүчү технологиялар маанилүү социалдык-маданий ролду ойнойт, алар өз регионунун көркөм чыгармачылык турмушунда балдардын жана чоң адамдардын катышуусун камсыз кылышат.

Ушундай технологиялардын ичинен көркөм өнүктүрүүнүн жыл бою же мезгилдүү (жайкы, кышкы) иштеген борборлорду жана лагерлерди уюштурууга өзгөчө маани берилет. Алардын артыкчылыктуу контингентин көркөм өнөрдүн түрлөрү жана жанрлары менен кызыккан гана эмес, көркөм жана колдонмо чыгармачылык ыкмаларына ээ болгон балдар түзөт. Булар музыкалык мектептердин жана көркөм өнөр мектептердин окуучулары, балдар өздүк көркөм чыгармачылык жамааттарынын катышуучулары, автордук чыгармачылыктын тигил же бул түрлөрүндө өздөрүн көрсөткөн балдар. Борборлордун жана лагерлердин негизинде чыгармачылык сабактардын жана чыгармачылык кызматташуунун, маданият жана көркөм өнөр ишмерлери менен байланышуунун, фестивалдарды, сынактарды, марафондорду, майрамдарды, көркөм-маданий, тарыхый же экологиялык багыттагы экскурсиялардын жана саякаттарды жүргүзүүнүн, концерт менен жүрүүчү кайрымдуулук акциялардын, гастролдук-туристтик баруулардын көптөгөн варианттарын караштырган түрдүү тармактагы тематикалык долбоорлор жана программалар жүргүзүлөт.

Өздүк чыгармачылыкты жетектөөнүн түрү олуттуу өзгөрөт. Колдонууга аны өнүктүрүүнүн табигый механизми киргизилет. Анын өзүн-өзү жөнгө салуу факторлору активдештирилет. Пландаштыруунун, эсепке алуунун жана отчеттуулуктун мүнөзү жеңилдетилет. Репертуарга, көргөзмө жана концерттик ишмердүүлүккө катуу контролдоо жүргүзүлбөйт. Кызыкчылыктары боюнча кызыгуу бирикмелерин жана клубдарын каттоо системасы жөнөкөйлөтүлөт. Маданий-эс алуу борборлору жашаган жери боюнча өздүк чыгармачылыктын институционалдык эмес түрлөрүнө абдан көңүл буруп башташат. Маданият мекемелеринин, мектептердин чегинен тышкары өнүгүп жаткан өздүк чыгармачылыктын масштабы кеңейет.

Өздүк көркөм чыгармачылык системасында профессионалдык көркөм өнөр структураларын түздөн-түз кайталоодон калдык ишке ашырылат.

Фольклорго жана заманбап элдик чыгармачылыктын өзгөчө түрлөрүнө багытталган кызыгуучулуктун интенсивдүү өсүшү жүргүзүлөт. Ачык социалдык чөйрөдөгү маданий-чыгармачылык процесстерге басым кылынат. Өздүк чыгармачылыкты өнүктүрүүнүн негизги принциби көркөм плюрализм принциби болуп калат. Кызыгуучунун продуктивдүү мүмкүнчүлүктөрүнө ишеним көрсөтүү өсүүдө.

**Маданий-коргоо технологиялары.** Республикалык деңгээлде социалдык-маданий саясатка багыт алуунун бири болуп маданий мураска кирген объектилерди сактоого, калыбына келтирүүгө жана өркүндөтүүгө багытталган технологиялар эсептелет.

Маданий-коргоо технологиялык топтомду заманбап келтирүү көптөгөн эстеликтердин, тарыхый объектилердин жана элдик кол өнөрчүлүктөрдүн начар абалда экендиги менен шартталат, ошондой эле азыркы убакта мамлекеттик коргоочу-калыбына келтирүүчү кызматы бир катар себептерден улам, тигил же бул региондун маданий-тарыхый чөйрөсүн калыбына келтирүүнүн бардык көйгөйлөрүн өз алдынча чече албайт.

Маданий-коргоо технологиялардын негизги максаты заманбап коргоочу-калыбына келтирүүчү иш-чаралардын жардамы менен маданий-тарыхый чөйрөнү сактоо болуп эсептелет. Мунун мааниси ар бир өзүнчө алынган – жашка ылайык, социалдык, профессионалдык, этникалык маданий коомдун көрүнүп турган предметтерин жана баалуу белгилерин сактоодон, аларды заманбап билим берүү, көркөм-чыгармачылык, кызыктыруучу процесстердин активдүү иштөөчү элементтерине айлантуудан турат. Коргоочу-калыбына келтирүүчү ишмердүүлүктө мамлекеттик жана мамлекеттик эмес структуралардын аракеттери эреже катары, үч артыкчылыктуу багыттарга: коргоого, калыбына келтирүүгө, маданий баалуулуктарды пайдаланууга жумшалат. Маданий-тарыхый жана маданий-коргоо технологиялардын типологиясы жетишерлик кеңири, ал барыдан мурда, тарыхтын жана маданияттын эстеликтерин, ландшафттык аймактардын жана коруктардын эсебин алуу жана билүү технологияларын камтыйт.

Алар менен түздөн-түз эстеликтерди жана маданий имараттарды кайтаруу боюнча калыбына келтирүү технологиялар; жеке көркөм чогулуштарын жана коллекцияларын музейлештирүү технологиялар (сүрөт көркөм өнөр чыгармаларын, ордендерди, костюмдарды, тыйындарды, почта маркаларын ж.у.с.) байланыштуу.

Республикалык жана региондук деңгээлде маданий-коргоо технологиялардын көпчүлүгүн ишке ашыруу үчүн негиз болуп түзүлгөн жана үзгүлтүксүз толтурулуучу маданий баалуулуктардын республикалык регистри эсептелет. Ал ага глобалдуу маалымат тармагы аркылуу мүмкүнчүлүк алууну уюштуруу менен электрондук маалымат базасын билдирет. Кылдат издөөнүн жана изилдөө ишинин натыйжасында Кыргызстандын архивинен көптөгөн материалдар табылды.

Маданий-коргоо технологияларды пайдалануунун мүнөздүү белгиси болуп жергиликтүү демилгелерди ишке тартуунун, жергиликтүү интеллигенция-

ОТДЕЛ КАДРОВ

Копия верна
Нач ОК

нын, студенттердин, окуучулардын, пенсионерлердин ичинен активди тартуунун негизинде ушул иште милдеттерди жана ыйгарым укуктарды кайра бөлүштүрүү эсептелет. Буга таянуусуз кол өнөрчүлүк көркөм өнөрдүн жашырын сырын калыбына келтирүү жана өз айыл, шаарыбыздын жана облустун тарыхый жана маданий көптөгөн эстеликтерин калыбына келтирүү боюнча туруктуу, максатка ылайыктуу жана натыйжалуу иш жүргүзүү мүмкүн эмес. Жергиликтүү коом жүргүзүүчү калыбына келтирүү иштеринин акциялары калкка түшүнүктүү, анын күнүмдүк түйшүгү жана кызыкчылыктары менен байланыштуу болушу керек. Мисалы: тарыхый баалуу имараттарды, көчөлөрдү жана кварталдарды калыбына келтирүүгө, ошондой эле маданий-тарыхый интерьерлерди жаңылоого багытталган көптөгөн социалдык-маданий долбоорлор айыл, шаар үчүн зарыл болгон социалдык-маданий жана социалдык-тиричилик объектилерин – маданий борборлорду, балдар чыгармачылык борборлорун, концерттик же көргөзмө залдарын, соода катарларын, парктарды ж.у.с. жаңыртуу менен айыл, шаардык тиричилик фондун көбөйтүү жана жакшыртуу көйгөйлөрүн чечүү менен сөзсүз түрдө байланышат.

Эстелик объектилерин сактоонун эң мыкты ыкмасы болуп аны багыт боюнча пайдалануу эсептелинери бекеринен эмес.

Ушундай максаттарда аймактык энциклопедияларды жана маалымдамаларды, аймактык иш уюштуруу технологияларын түзүү технологиялары; тарыхый-маданий жана тарыхый-өнөр жай объектилердин негизинде туристтик-экскурсиялык маршруттарды өнүктүрүү технологиялары; элдик кол өнөрчүлүк, ырым-жырым жана башкалар сыяктуу социалдык-маданий жана эмгек ишмердүүлүктүн салттуу түрлөрүн кайра калыбына келтирүү.

Адабияттар:


1. Кисилева Т.Г., Красильников Ю.Д. Основы социально-культурной деятельности: Уч. пособие. - М.: МГУК, 1995.
2. Социальное проектирование в сфере культуры: методологические проблемы. Теория. Методология. Практика / НИИ культуры. - М., 1986.
3. Тулобердиев К.К. Социологическое исследование в сфере социально-культурной деятельности: Учебное пособие. - Бишкек.: Инсанат, 2009.
4. Түлөбердиев К.К. Социалдык-маданий технологиялар: Окуу китеби. - Бишкек.: Инсанат, 2011.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Джолдошбекова С.А.**

ОТДЕЛ КАДРОВ
Копия верна
Нач ОК